КЫРГЫЗПАТЕНТ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ

1999

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДАГЫ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТСТВОСУ
ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
(КЫРГЫЗПАТЕНТ)

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ

# 1999

БИШКЕК-2000

© Текст, Кыргызпатент, 2000 г.
© Перевод на кыргызский
Кыргызпатент, 2000 г.

---

Оригинал-макет издания подготовлен Кыргызпатентом. Отпечатано в отделе компьютерной полиграфии Кыршзпатенга. Тираж 100 экз.
Кыргызская Республика, 720021, г. Бишкек,
ул. Московская, 62, Кыргызпатент
Тел.: (996 312) 68-08-19, 51-08-10,
Факс: (996 312)68-17-03
http://www.kyrgyzpatent.kg
Электронная почта: kyrgyzpatent@infotel.kg
Банковские реквизиты:
1.В национальной валюте - Кыргызпатент
ГОПУ "Кыргызпромстройбанк", г. Бишкек
Р/с 20020013573 Код МФО 330103328
2.В иностранной валюте - Р/с 00120013466 в ГОПУ "Кыргызпромстройбанк",
г. Бишкек, код МФО 330103328,
3.В валютах -стран СНГ - Р/с 19020013821 в ГОПУ "Кыргызпромстройбанк",
г. Бишкек, код МФО 330103328
Адрес банка: 720040,
г. Бишкек, пр. Чуй, 168
"Кыргызпромстройбанк"

## *Кириш сөз*

Өткөн 1999-жылы Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчикти коргоо системасы андан ары өнүктү.

""Кызматтык ойлоп табуулар, пайдалуу моделдержана өнөр жай үлгүлөрү жөнүндө", "Фирмалык аталыштар жөнүндө" жаңы мыйзамдар кабыл алынды, "Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө" мыйзамдын долбоору иштелип чыкты. Мыйзамдардын нормативдик-укуктук актылары иштелип чыгып, колдонууга киргизилди.



Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентствосунда (Кыргызпатент) "Автордук укук жаңы чектеш укуктар жөнүндө" мыйзамга ылайык структуралык өзгөртүүлөр жүргүзүлүп, жаңы эки башкармалык: авторлор менен укук ээлеринин мүлктүк укуктарын коргоо башкармалыгы; каттоо башкармалыгы уюштурулду, ал эми автордук жана чектеш укуктарды коргоо башкармалыгы жоюлуп кетти.

1999-жыл Кыргызстандын Буткул дүйнөлүк соода уюмуна (БСУ) киргенден кийин ТРИПС макулдашуусуна ылайык иш-чараларды ишке ашыруу боюнча айрым орчундуу иштерди аткаруунун биринчи жылы болуп калды. Ошентип, ТРИПС боюнча милдеттемелерди ийгиликтүү аткаруу жана интеллектуалдык менчик (ИМ) укуктарын ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргызпатенттин алдында Кеңири коллегия түзүлүп, анын курамына укук коргоо, сот, бажы органдарынын жана Бишкек шаарынын жергиликтүү администрациясынын жетекчилеринин өкүлдөрү киргизилди.

Кыргызстандын ИМ системасын өнүктүрүүдө эл аралык кызматташууга биринчи кезекте Интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюму (ИМБДУ) менен кызматташууга зор маани берилет. Автордук укук тармагында Кыргызстандын 1999-жылы июль айында Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясына кошулушу абдан маанилүү окуя болуп калды. Бул конвенция ИМ тармагындагы көп тараптуу он экинчи эл аралык Келишим болуп эсептелет.

ИМБДУ менен макулдашуунун чегинде август айында автордук жана чектеш укуктарды коргоо боюнча Борбордук Азиянын өлкөлөрү үчүн эл аралык семинар өткөрүлүп, ИМБДУнун эксперттери мырза Пол Берри менен Сауле Тлеувлесова айымдын иш визити болуп өттү.

Европалык патенттик ведомство (ЕПВ) менен семинарларга катышуу боюнча кызматташуу улантылды; ЕПВнын эл аралык кызматташуу башкармалыгынын директору мырза Р.Юнгдун Кыргызпатентке иш визити уюштурулуп, анын визити 1999-жылы октябрь айында болуп өттү.

Эл аралык кызматташуу андан ары КМШ өлкөлөрү менен Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Мамлекеттер аралык Кеңешинин жана Евразиянын патенттик уюмунун (ЕАПО) Административдик Кеңешинин чегинде кызматташуу менен улантылды. ЕАПОнун Административдик Кеңешинин Кыргыз Республикасында 1999-жылы ноябрда Чолпон-Ата шаарында өткөрүлгөн сегизинчи кеңешмеси маанилүү окуя болуп калды.

Фонограмма чыгаруучулардын Москва шаарындагы региондук өкүлчүлүгү менен (IFPI), Тажикстандын Автордук жана чектеш укуктар боюнча Агентствосу менен кызматташуу жөнүндө ведомстволор аралык макулдашуулар түзүлдү.

Ойлоп табуучулар жана авторлор менен жигердүү иш жүргүзүлүп, ИМди коргоо маселелери боюнча Бишкек, Жалал-Абад шаарларында региондук эки семинар өткөрүлдү.

Кыргызстандын интеллектуалдык менчик системасы 1999-жылы ырааттуу жана туруктуу өнүктү - бул өлкөнүн экономикалык, илимий-техникалык жана маданий жактан туруктуу өнүгүшү менен Кыргызстандын дүйнөлүк шериктештикке ийгиликтүү интеграцияланышынын маанилүү факторлорунун бири болуп эсептелет.

Кыргызпатенттин директору,
техникалык илимдердин доктору,
профессор Р.О.Оморов

## 1. *Интеллектуалдык менчик объектилерин коргоонун нормативдик-укуктук базасы*

1999-жылы нормативдик-укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иштер улантылып, анын маанилүү аспектилеринин бири мыйзамдык базаны Бүткүл дүйнөлук соода уюмунун (БСУ) чегиндеги Интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспектилери жөнүндө Макулдашууда (ТРИПС) аныкталган жоболорго ылайыктап, гармонизациялоо боюнча иштер болуп калды.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актыларынын ичинде төмөндөгүлөр 1999-жылы иштелип чыгып, колдонууга киргизилди, алар:

• "Кызматтык ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

• "Автордук укук жана чекгеш укуктар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

• "Фирмалык аталыштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

Кыргызпатент тарабынан даярдалып, Кыргыз Реепуликасынын Өкмөтүнүн Токтомдору менен төмөндө аталгандар бекитилди, алар:

• "Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын ботаникалык жана зоологиялык түрлөрү менен тукумдарынын тизмелерин бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 28-августундагы № 5 7 2-Токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө";

• "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентствосу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 7-июлундагы №438-Токтомуна толуктоолор менен өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө";

"Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентствосунун Кеңири коллегиясы жөнүндө";

"Ойлоп табууларды укуктук коргоо тармагында мамлекеттер аралык жашыруун сырларды сактоону өз ара камсыз кылуу жөнүндө Макулдашууну бекитүү жөнүндө";

• "Жалган "товардык" белгилер менен географиялык аталыштарды пайдалануулардын алдын алуу жана аларга жол бербөө боюнча чаралар жөнүндө Макулдашууну бекитүү жөнүндө".

Интеллектуалдык менчик тармагындагы нормативдик-укуктук базаны өркүндөтүү чегинде Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдык нормаларын кыйла толук чечмелөө максатында төмөндөгү нормативдик актыларды иштеп чыгып, кабыл алуу боюнча жигердүү иш жүргүзүлдү, бул актыларда интеллектуалдык менчиктин объектилерин карап чыгуунун жол-жоболору аныкталган, алар:

- Интеллектуалдык менчиктин объектилерин баалоо боюнча методикалык сунуштар;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентствосунун Апелляциялык кеңеши жөнүндө Жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентствосунун алдындагы Апелляциялык кеңешке нааразылык арызын берүү жана аны карап чыгуунун эрежелери;
- Электрондук эсептөө машиналары же маалыматтар базасы үчүн программаларды расмий каттатууга өтүнмө толтуруунун, түзүүнүн, аны берүүнүн жана карап чыгуунун эрежелери;
- Автордук укуктун объектисине автордук келишимдерди, чектеш укуктардын объектилеринин тармагындагы келишимдерди, интегралдык микросхемалардын топологиясына укук берүү жөнүндө келишимдерди карап чыгуунун жана каттоонун эрежелери;
- Интегралдык микросхемалардын топологиясын расмий каттоого өтүнмө толтуруунун, түзүүнүн, аны берүүнүн жана карап чыгуунун эрежелери;
- Автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин пайдаланууга лицензиялык келишимдерди карап чыгуунун жана каттоонун эрежелери;
- Өнөр жай менчигинин, селекциялык жетишкендиктердин объектилерине коргоо документтерин ыктыярдуу өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди, аларды пайдалануу укугун берүү жөнүндө лицензиялык келишимди, технологияларды берүү жөнүндө келишимди карап чыгуунун жана каттоонун эрежелери;
- Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө Жобо;
- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик патенттик фондусу жөнүндө Жобо:
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентствосунун Мамлекеттик жана илимий-техникалык китепканасында фонддорду түзүүнүн жана аларды сактоонун тартиби;
- Авторлордун кеңеши жөнүндө Жобо;

• Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоонун жана каттоонун тартиби.

2000-жылдын башталышына Жогорку Кеңеш кабыл алып, Кыргыз Республикасынын Президентине кол коюуга төмөндөгүлөр берилген, алар:

• "Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо боюнча УПОВдун Эл аралык Конвенциясына кошулуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

• "Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын бкметунун кароосуна төмөндөгүлөр берилди, алар:

• "Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;

• "Автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин жараткандыгы, аларды көпчүлүк алдында аткаргандыгы же басып чыгаргандыгы үчүн автордук сый акынын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө Жобонун" долбоору.

Кыргызпатенттин 1999-жыл үчүн интеллектуалдык менчик укуктарын ишке ашыруу тармагында ишмердиги Апелляциялык кеңештин иши боюнча, интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспектилери боюнча Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун чегиндеги Макулдашуу (ТРИПС) боюнча милдеттенмелерге тиешелуу иш-чараларды ишке ашыруу, авторлорго, ойлоп табуучуларга, укук ээлерине, ишкерлерге жана интеллектуалдык менчик укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүчү башка адамдарга укуктук жардам берүү, соттук териштирүүлөргө катышуу боюнча жүргүзүлдү.

Кыргызпатенттин Апелляциялык кеңешинин иши нааразылык арыздарын карап чыгууга байланыштуу жүргүзүлдү: 1999-жылы товардык белгилерге байланыштуу 12 нааразылык арызы берилген, анын ичинен 11 нааразылык арызы каралып чыкты.1.1 - таблицада Кыргызпатенттин Апелляииялык кенешинин 1996- 1999-жылдардагы аткарган иштери келтирилген.

1.1 -
таблица

| *Көрсөткүчтөрдүн аталыштары* | *1996* | *1997* | *1998* | *1999* | *Баардыгы* |
|---|---|---|---|---|---|
| Нааразылык арыздарынын саны | 3 | 10 | 13 | 12 | 38 |
| Каралып чыккан нааразылык арыздарынын саны | 2 | 6 | 16 | 11 | 35 |

ТРИПС Макулдашуусу боюнча милдеттенмелерди аткарууга байланыштуу БСУнун ТРИПС боюнча Кеңешине ТРИПС Макулдашуусунун төмөндөгү статьялары боюнча билдирүүлөрдү даярдоо иштери жүргүзүлдү:

- 63.2 статья боюнча (мыйзамдар жана жоболор жөнүндө билдирүү);
- 1.3 жана 3.1- статьялар боюнча (улуттук режим боюнча билдирүү);
- 4(d)-статья боюнча (РНБ боюнча билдирүү);
- 69-статья боюнча (байланыш түйүндөрү жөнүндө билдирүү).

Кыргызпатенттин өкүлдөрү арбитраждык соттордун соттук териштирүүлөрүнө 5 талаш иштер боюнча катышышты, алардын ичинен 3 иш - товардык белгилерге жана 2 иш - чарбалык талаштарга тиешелүү иштер болуп саналат.

## *2. Өнөр жай менчик объектилери менен селекциялык жетишкендиктерди экспертизадян өткөрүү жана каттоо*

### *2.1. Ойлоп табуулар*

Кыргызпатентке 1999-жылы болжолдуу ойлоп табууларга 62 өтүнмө берилген, анын ичинен 60 өтүнмө улуттук өтүнүүчүлөрдөн, 2 өтүнмө россиялык өтүнүүчүлөрдөн берилген. Берилген өтүнмөлөрдүн жалпы саны 1998-жылы түшкөн өтүнмөлөрдүн санынын 50.4 пайызын түзөт. Берилген өтүнмөлөрдүн сандык катнашы боюнча маалыматтар 2.1-таблицада жана 2.1-диаграммада келтирилген.

2.1-таблица

| *Көрсөткүчтөрдүн аталыштары* | *1999* |
|---|---|
| Баардык өтүнмөлөрдүн саны, анын ичинде: | 62 |
| - улуттук өтүнүүчүлөрдөн | 60 |
| - КМШ өлкөлөрүнүн өтүнүүчүлөрүнөн | 2 |
| - чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн | - |
| - PCT жол-жоболору боюнча өтүнмөлөр | - |
| 1998-жыл менен салыштырганда өтүнмөлөрдүн сандык катнашынын пайызы | 50.4 |

2.1-диаграмма



2.2-таблицада 1999-жылы ойлоп табууларга берилген отүнмолордү Эл аралык патенттик классификациялоонун (ЭПК) болүмдөрү боюнча болүштүрүүнүн корсоткүчтору келтирилген жана 2.2-диаграммада көрсөтүлгөн.

2.2-таблица

| ЭПКнын бөлүмдөрү | | Өтүнмөлөрдүн саны | Пайыздык үлүшү |
|---|---|---|---|
| A | Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу | 26 | 41.94 |
| B | Ар кандай технологиялык процесстер | 7 | 11.29 |
| | Химия; металлургия | 3 | 4.84 |
| D | Текстиль; кагаз | - | - |
| E | Курулуш; тоо-кен иштери | 3 | 4.84 |
| F | Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана насостор; курал-жарак жана ок-дары; жардыруу жумуштары | 10 | 16.3 |
| G | Физика | 7 | 11.29 |
| H | Электр кубаты | 6 | 9.67 |
| | Баардыгы | 62 | 100.0 |

2.2-диаграмма



Ойлоп табууларга Кыргыз Республикасынын коргоо документтерин берүү жөнүндө 1993-жылдан 1999-жылга чейинки жылдар боюнча түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалымат 2.3-таблицада келтирилген жана 2.3-диаграммада көрсөтүлгөн.

2.3-таблица

| ***Көрсөткүчтөрдүн аталыштары*** | ***Жылдар*** | | | | | | | ***Баардыгы*** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***1993*** | ***1994*** | ***1995*** | ***1996*** | ***1997*** | ***1998*** | ***1999*** | |
| Баардык берилген өтүнмөлөр анын ичинде: | 13 | 213 | 141 | 268 | 207 | 123 | 62 | 1027 |
| улуттук өтүнүүчүлөрдөн | 13 | 95 | 114 | 126 | 152 | 111 | 60 | 671 |
| чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн | - | 118 | 27 | 16 | 15 | 5 | 2 | 183 |
| РСТтин өтүнмөлөрү | - | - | - | 126 | 40 | 7 | - | 173 |

2.3-диаграмма




1999-жылы ойлоп табууларга берилген өтүнмөлөр боюнча жүргүзүлгөн экспертизалардын жыйынтыгы боюнча 171 оң чечим чыгарылган, анын ичинде:

а) алдын ала патент берүүгө - 139 (алардын 41 чечими чет өлкөлүк өтүнмөлөр боюнча);

б) патент берүүгө-32 (алардын 24у чет өлкөлүк өтүнмөлөр боюнча).

Ойлоп табууларга жана пайдалуу моделдерге берилген өтүнмөлөр боюнча Кыргызпатенттин эксперттери чыгарган оң чечимдер жөнүндө сандык маалыматтар 2.4-таблицада берилген.

2.4-таблица

| *Көрсөткүчтөрдүн аталыштары* | *Ойлоп табууларга берилген өтүнмөлөрдүн саны* | | *Баардык оң чечимдердин саны* |
|---|---|---|---|
| | *чет өлкөлүк* | *улуттук* | |
| Ойлоп табууларга берилген коргоо документтери: | | | |
| алдын ала патент | 41 | 98 | 139 |
| патент | 24 | 8 | 32 |
| Баардыгы | 65 | 106 | 171 |

Кыргызпатент өнөр жай менчик объектилеринин Мамлекеттик реестрин жүргүзөт, экспертиза объектиге карата оң, чечим чыгарса, ал объектини каттоого алгандыгы, жарыялагандыгы, ага коргоо документи берилгендиги, анын укуктук статусу өзгөртүлгөндүгү үчүн алым төлөнсө объект анда каттоого алынат.

1999-жылы ойлоп табуулардын Мамлекеттик реестринде 24 патент, 69 алдын ала патент катталган. 2000-жылдын 1-январына карата баардыгы болуп 284 патент, 388 алдын ала патент катталган.

2.5-таблицада 1999-жылы Мамлекеттик реестрде катталган ойлоп табуулар жөнүндө маалыматтар келтирилген.

2.5-таблица

| *Көрсөткүчтөрдүн аталыштары* | *1999* |
|---|---|
| Баардык катталган ойлоп табуулардын саны | 93 |
| алардын ичинен: | |
| патенттер | 24 |
| алдын ала патенттер | 69 |
| Кыргыз Республикасында күчүндө кармалып турган Евразиялык патенттер | 106 |

2.6-таблица менен 2.4-диаграммада жылдар боюнча катталган патенттер менен алдын ала патенттер боюнча салыштырмалуу маалыматтар келтирилген.

2.6-таблица

| *Көрсөткүчтөрдүн аталыштары* | *Жылдар* | | | | | | | *Баардыгы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *1993* | *1994* | *1995* | *1996* | *1997* | *1998* | *1999* | |
| Катталган ойлоп табуулардын саны | 8 | 85 | 137 | 125 | 133 | 91 | 93 | 672 |
| анын ичинде: | | | | | | | | |
| патенттер | 6 | 39 | 85 | 69 | 36 | 25 | 24 | 284 |
| алдын ала патенттер | 2 | 46 | 52 | 56 | 97 | 66 | 69 | 388 |
| Кыргыз Республикасында күчүндө кармалып турган Евразиялык патенттер | | | | | | 22 | 106 | 128 |

2.4-диаграмма



2.7-таблица менен 2.5-диаграммада Мамлекеттик реестрде ЭПКнын класстары боюнча бөлүштүрүлүп, каттоого алынган ойлоп табуулар жөнүндө маалыматтар келтирилген.

2.7-таблица

| *ЭПКанын бөлүмдөрү* | *Саны* |
|---|---|
| A | 36 |
| B | 10 |
| C | 17 |
| E | 7 |
| F | 13 |
| G | 7 |
| H | 3 |
| Баардыгы | 93 |

2.5-диаграмма



2.8-таблица менен 2.6-диаграммада катталган ойлоп табуулардын ээлеринин кайсы олкого тиешелүү экендиктери боюнча болүштүрүлүшү келтирилген.

2.8-таблица

| ***Өлкөлөр*** | ***Өлкөлөрдүн коддору*** | ***Саны*** |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 61 |
| АКШ | US | 12 |
| Улуу Британия | GB | 4 |
| Япония | JP | 1 |
| Испания | ES | 1 |
| Бразилия | BR | 1 |
| Австралия | AU | 1 |
| Германия | DE | 4 |
| Нидерланд | NL | 1 |
| Франция | FR | 2 |
| Казакстан | KZ | 2 |
| Канада | CA | 2 |
| Швейцария | CH | 1 |
| Баардыгы | | 93 |

2.6-диаграмма



## *2.2. Товардык белгилер*

1999-жылы улуттук жол-жобо боюнча товардык белгилерди каттоого 452 өтунмө түшкөн, бул 1998-жылы тушкөн өтунмөлөрдүн санынын 73.5 пайызын түзөт, анын ичинен 410 өтунмө чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн, 42 өтунмө улуттук өтүнүүчүлөрдөн түшкөн. Мадрид макулдашуусуна ылайык эл аралык каттоо боюнча 2222 өтунмө түшкөн.

Түшкөн өтунмөлөр жөнүндө статистикалык маалыматтар 2.9-таблица менен 2.7-диаграммада келтирилген.

2.9-таблица

| ***Көрсөткүчтөрдүн аталыштары*** | ***1999*** |
|---|---|
| Баардык улуттук жол-жобо боюнча түшкөн өтунмөлөрдүн саны | 452 |
| анын ичинен: улуттук өтүнүүчүлөрдөн түшкөндөрү | 42 |
| чет өлкөлүк отүнүүчүлөрдөн түшкөндөр | 410 |
| Мадрид макулдашуусу боюнча тушкен өтунмөлөр | 2222 |

2.7-диаграмма



2.10-таблица менен 2.8-диаграммада товардык белгилерди каттоого улуттук жол-жобо боюнча түшкөн өтүнмөлөрдүн өтүнүүчүлөрдүн кайсы өлкөгө тиешелүү экендиктери боюнча бөлүштүрүлүшү келтирилген.

| *Өлкөлөр* | *Өлкөнүн коду* | *Саны* |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 42 |
| АКШ | US | 238 |
| Улуу Британия | GB | 34 |
| Германия | DE | 33 |
| Швейцария | СИ | 18 |
| Нидерланд | NL | 16 |
| Япония | JP | J1 |
| Корея Республикасы | ICR | 8 |
| Түркия | TR | 7 |
| Франция | FR | 6 |
| Россия Федерациясы | RU | 5 |
| Дания | DK | 5 |
| Швеция | SE | 5 |
| Испания | ES | 3 |
| Италия | IT | 3 |
| Доминикан Республикасы | DO | 3 |
| Португалия | PT | 2 |
| Индонезия | ID | 2 |
| Австралия | AU | 2 |
| Венгрия | ни | 2 |
| Казахстан | KZ | 1 |
| Сингапур | SG | 1 |
| Кытай | CN | 1 |
| Люксембург | LU | 1 |
| Финляндия | FI | 1 |
| Польша | PO | 1 |
| Индия | IN | 1 |
| Баардыгы | | 452 |

2.8-диаграмма




1999-жылы товардык белгилердин Мамлекеттик реестринде 612 товардык белги катталган. 2000-жылдын 1-январына карата баардыгы бөлуп 5252 товардык белги катталды. 2.11-таблицада 1999-жылы Мамлекеттик реестрде катталган товардык белгилер жөнүндө маалыматтар келтирилген.

2.11-таблица

| *Көрсөткүчтөрдүн аталыштары* | *1999* |
|---|---|
| Мамлекеттик реестрге киргизилген баардык товардык белгилердин саны | 612 |
| анын иичинде, улуттук өтүнүүчүлөрдөн түшкөндөрү | 57 |
| чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн түшкөндөрү | 555 |

2.12-таблица менен 2.9-диаграммада 1993-жылдан 1999-жылга чейин катталган товардык белгилердин салыштырмалуу көрсөткүчтөрү келтирилген.

2.12-таблица

| ***Көрсөткүчтөрдүн аталыштары*** | ***Жылдар*** | | | | | | | ***Баардыгы*** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***1993*** | ***1994*** | ***1995*** | ***1996*** | ***1997*** | ***1998*** | ***1999*** | |
| Катталган товардык белгилердин саны | 6 | 2029 | 685 | 1075 | 356 | 489 | 612 | 5252 |

2.9-диаграмма




2.13-таблица менен 2.10-диаграммада Мамлекеттик реестрде катталган товардык белгилердин ээлеринин кайсы өлкөгө тиешелүү экендиктери боюнча бөлүштүрүлүшү жөнүндө маалыматтар келтирилген.

2.13-таблица

| ***Өлкөлөр*** | ***Өлкөнүн коду*** | ***Саны*** |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Кыргыз Республикасы | KG | 57 |
| АКШ | US | 229 |
| Улуу Британия | GB | 79 |
| Болгария | BG | 32 |
| Германия | DE | 27 |

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| Түркия | TR | 25 |
| Нидерланд | NL | 20 |
| Швейцария | CH | 18 |
| Япония | JP | 16 |
| Корея | KR | 12 |
| Норвегия | NO | 11 |
| Бириккен Араб Эмираттары | AE | 11 |
| Финляндия | FI | 10 |
| Филиппин | PH | 10 |
| Россия Федерациясы | RU | 8 |
| Бразилия | BR | 8 |
| Дания | DK | 7 |
| Индия | IN | 4 |
| Башка өлкөлөр | | 28 |
| Баардыгы: | | 612 |

2.10-диаграмма



## *2.3. Өнөр жай үлгүлөрү*

1999-жылы өнөр жай үлгүлөрүнүн коргоо документтерине 14 өтүнмө түшкөн, анын ичинен 13ү чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн, 1 өтүнмө улуттук өтүнүүчүлөрдөн түшкөн.

2.14-таблидада 1999-жылы өнөр жай үлгүлөрүнө түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар келтирилген.

2.14-таблица

| *Көрсөткүчтөрдүн аталыштары* | *Сапы* |
|---|---|
| Улуттук жол-жоболор боюнча түшкөн баардык өтүнмөлөр | 14 |
| анын ичинен: | |
| улуттук өтүнүүчүлөрдөн түшкөндөрү | 1 |
| чет өлкөлук өтүнүүчүлөрдөн түшкөндөрү | 13 |
| Экспертизанын коргоо документгерин берүү боюнча оң чечимдери | 22 |
| анын ичинен: | |
| алдын ала патентке | 11 |
| патентке | 11 |

2.15-таблицада өнөр жай үлгүлөрүнө берилген өтүнмөлөрдүн өтүнүүчүлөрдүн кайсыл өлкөгө тиешелуу экендиги боюнча бөлүштүрүлүшү жөнүндө маалыматтар келтирилген.

2.15-таблица

| *Өлкөлөр* | *Өлкөнүн коду* | *Саны* |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 1 |
| АКШ | US | 7 |
| Корея | KR | 4 |
| Туркия | TR | 2 |

1999-жылы Мамлекеттик реестрде баардыгы болуп 16 өнөр жай үлгүлөрү катталган, анын ичинде патенттер - 15, алдын ала патенттер - 1.

2000-жылдын 1 -январына карата баардыгы болуп 46 өнөр жай үлгүлөрү катталган, анын ичинде патенттер - 27, алдын ала патенттер - 19

2.16-таблицада 1999-жылы Мамлекеттик реестрде катталган өнөр жай үлгүлөрү жөнүндө маалыматтар келтирилген.

2.16-таблица

| ***Көрсөткүчтүн аталышы*** | ***1999*** |
|---|---|
| Баардык өнөр жай үлгүлөрүнүн саны | 16 |
| алардын ичинен: патенттер | 15 |
| алдын ала патенттер | 1 |

Реестрге киргизилген өнөр жай үлгүлөрүнүн өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлүшү 2.17-таблицада келтирилген.

2.17-таблица

| ***Өлкөлөр*** | ***Өлкөнүн коду*** | ***Баардыгы*** |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 1 |
| АКШ | US | 13 |
| Россия | RU | 1 |
| Улуу Британия | GB | 1 |
| Баардыгы: | | 16 |

## *2.4. Пайдалуу моделдер*

Кыргызпатентке 1999-жылы пайдалуу моделдерге 8 өтүнмө түшкөн. Баардык өтүнмөлөр улуттук өтүнүүчүлөрдөн түшкөн.

1999-жылы пайдалуу моделдерге түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар 2.18- жана 2.19-таблицаларда келтирилген.

2.18-таблица

| ***Көрсөткүчтөрдүн аталыштары*** | ***1999*** |
|---|---|
| Пайдалуу моделдерге берилген өтүнмөлөрдүн саны, анын ичинде: | 8 |
| улуттук өтүнүүчүлөрдөн | 8 |
| чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн | |
| РСТ жол-жобосу боюнча түшкөн өтүнмөлөр | |
| Өтүнмөлөрдү 1998-жыл менен салыштыргандагы катнашынын пайызы | 80 |

2.19-таблииа

| ***ЭПКнын бөлүмдөрү*** | | ***Өтүнмөлөрдүн саны*** | ***Үлүшү % менен*** |
|---|---|---|---|
| A | Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу | 2 | 25 |
| B | Ар кандай технологиялык процесстер | 2 | 25 |
| C | Химия; металлургия | - | - |
| Д | Текстиль, кагаз | - | - |
| E | Курулуш; тоо-кен иштери | 1 | 12.5 |
| F | Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана насостор; курал-жарак жана ок-дары; Жардыруу иштери | 2 | 25.0 |
| G | Физика | - | - |
| H | Электр кубаты | 1 | 12.5 |
| Баардыгы | | 8 | 100.0 |

## *3. Келишимдерди экспертизалоо жана каттоо*

1999-жылдын ичинде Кыргызпатентке келишимдерди каттоого 83 өтүнмө түшүп, ИМ объектилерин пайдалануу боюнча лицензиялык келишимдерди экспергизадан өткөрүү жана каттоо боюнча иш жүргүзүлгөн. анын ичинде: ойлоп табууларга - 1, товардык белгилерге - 6, технологияларды берүүгө - 2, укуктарды ыктыярдуу өткөрүп берүү боюнча: ойлоп табууларга - 3, товардык белгилерге - 56.

68 келишим каралып чыгып, каттоого алынган:

9 лицензиялык келишим, алардын ичинен:

• 1 келишим Кыргызстандык жеке адамдар менен алардын юридикалык шериктеринин ортосунда ойлоп табууларды пайдалануу укугун өзгөчө эмес лицензия менен кошо берүү жөнүндө;

• 4 келишим чет өлкөлүк юридикалык шериктердин ортосунда товардык белгилерди пайдалануу укугун өзгөчө лицензия менен кошо берүү жөнүндө;

• 2 келишим юридикалык шериктердин ортосунда товардык белгини пайдалануу укугун өзгөчө эмес лицензия менен кошо берүү жөнүндө;

• 2 келишим Кыргызстан менен Россиянин юридикалык шериктеринин ортосунда пайдалануу укугун өзгөчө эмес лицензия менен кошо берүү жөнүндө.

Чет өлкөлүк юридикалык шериктердин ортосунда товардык белгилер боюнча укуктарды ыктыярдуу өткөрүп берүү жөнүндө 56 келишим.

Көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин пайдалануу укугу боюнча 62 лицензиялык келишим катталган.

Катталган келишимдердин маалымат базасы толукталууда. Лицензиялык келишимдерди түзүү, интеллектуалдык менчикти ыктыярдуу өткөрүп берүүнүн шарттары жөнүндө консультациялар өткөрүлүп турат.

Кыргызпатенттин 1995-1999-жылдардагы бул чөйрөдөгү ишмердиги 3.1-таблицада чагылдырылган.

3.1 -таблица

| ***Көрсөткүчтөрдүн аталышы*** | ***1995*** | ***1996*** | ***1997*** | ***1998*** | ***1999*** | ***Баардыгы*** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Келишимдерди каттатуу боюнча түшкөн өтүнмөлөр | 6 | 33 | 66 | 87 | 83 | 275 |
| Катталган келишимдер | 4 | 30 | 62 | 82 | 68 | 246 |

## *4. Автордук укук менен чектеш уктарды коргоо*

1999-жылдын ичинде Кыргызпатент 68 авторду, 415 илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармаларын каттаган. 2000-жылдын 1-январына карата Кыргызпатентте 819 автор жана 7814 чыгарма катталган.

ЭЭМ үчүн 5, маалыматтар базасы үчүн 1 программаны каттоого өтүнмө түшкөн.

Мүлктүк укуктарын башкаруу милдеттерин Кыргызпатентке өткөрүп берүү жөнүндө авторлор менен 114 келишим түзүлгөн.

Авторлор менен укук ээлеринин мүлктүк укуктарын башкаруу тармагында Кыргызпатенттин ишмердиги төмөндөгүлөрдү өткөрүүгө багытталган, алар:

- театр-оюн зоок ишканаларына, маданият мекемелерине, автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин пайдалануучуларга автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, "Автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн сый акынын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө Жобону" жана башка нормативдик актыларды үйрөнүү боюнча уюштуруу-методикалык жардам берүү;
- автордук жана чектеш укуктарды пайдалануучулар менен лицензиялык келишимдерди түзүү, автордук сый акыны чогултуу жана бөлүштүрүү, теориялык ссминарлар менен кеңешмелерди өткөрүү.

Автордук укуктун объектилеринин пайдаланылышы жана автордук сый акынын которулушу милдеттерге ылайык төмөндөгүлөрдө көзөмөлгө алынат:

- борбордук театрларда, филармонияда, циркте, маданият үйлөрүндө;
- жеке менчик концерттик бирикмелерде, продюсердик борборлордо;
- ресторандарда, кафелерде, барларда жана дискоклубдарда.

1999-жылы автордук жана чектеш укуктардын объектилерин ийдалануучулардан - театрлардан, филармониялардан, цирктен, аткаруучулар жамааттарынан, продюсердик борборлордон, барлардан, кафелерден, ресторандардан чогултулган автордук калем акынын суммасы 178215 сомду түздү.

Салыштыруу үчүн: 1998-жылы чогултулган автордук калем акынын суммасы 74972 сом болгон.

Автордук укук жана чектеш укуктар тармагындагы мыйзамдар менен аларды пайдалануучуларды тааныштыруу боюнча Кыргызпатент жүргүзгөн иштер, өткөрүлгөн семинарлар, кеңешмелер, ошондой эле прессада жана теле көрсөтүүдө баяндоолор өздөрүнүн оң натыйжаларын бергендигин белгилей кетүү керек. 1999- жылы автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануу укугуна карата импресариолор, барлар. ресторандар жана дискоклубдар менен лицензиялык макулдашууларды түзүү башталды.

Автордук сый акыны төлөдөн баш тартышкан концерт уюштуруучуларды сотко берүү үчүн материалдарды даярдоонун жол-жоболору иштелип чыкты.

Мындан бөлөк, автордук жана чектеш укуктардын обьекгилерин пайдаланууга карата жеке адамдар жана юридикалык тараптар менен лицензиялык макулдашууларды даярдоо жана түзүу боюнча иштер жүргүзүлдү. 1999-жылы алар менен 60 лицензиялык макулдашуу түзүлгөн.

Кыргызпатенттин кызматчыларынын РАКта (РАО), РАПОдо жана IFPIде стажировкада болгон мезгилде лицензиялык макулдашууларды, мүлктүк укуктарын башкаруу милдеттерин өткөрүп берүү жөнүндө авторлор менен келишимдерди түзүүгө, автордук жана чектеш укуктарды бузууларга жол бербөө боюнча чараларга, аудио-видео продукцияларынын контрафактуулугун баалоого байланыштуу маселелер талкууланды.

Автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануунун баардык түрлөрү үчүн лицензиялык макулдашуулардын формаларын өркүндөтүү, алардын жаңы формаларын иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат, теле жана радио компаниялар үчүн лицензиялык макулдашуулардын, авторлордун мүлктүк укуктарын жамааттык негизде башкарууга укук берүүнүн жаны формалары иштелип чыкты, ошондой эле автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануучулар менен лицензиялык макулдашууларды тузүү боюнча иштер жүргүзүлүп, автордук жана чектеш укуктар тармагындагы мыйзамдардын жоболору, бул жоболорду бузгандыгы үчүн жоопкерчиликгер түшүндүрүлүүдө.

## *5. Патенттик-маалыматтык ишмердик*

Кыргызпатенттин патенттик-маалыматтык ишмердиги негизинен "Интеллектуалдык менчик" расмий бюллетенин, "Кыргызпатенттин кабарлары" илимий-практикалык журналын, окуу-методикалык жана башка адабияттарды кагазда басып чыгаруу жолу менен жүргүзүлөт.

1999-жылы Кыргызпатент төмөндөгүлөрдү басып чыгарды, алар:

- "Интеллектуалдык менчик" расмий бюллетени, № 4, 1998-ж.; № 1, 2, 3, 1999-ж.;
- "Кыргызпатенттин кабарлары", №2, 1998-ж., № 1, 1999-ж.;
- "Патентное законодательство Кыргызской Республики" жыйнагы;
- "Законодательство о товарных знаках, знаках обслуживания и наименованиях мест происхождение товаров" жыйнагы;
- "Законодательство об авторском праве и смежных правах" жыйнагы;
- "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө мыйзамдар" жыйнагы;
- "Законодательство о правовой охране селекционных достижений" жыйнагы;
- "Как защитить промышленную собственность в Кыргызстане" окуу-методикалык колдонмосу;
- "Методические рекомендации по оценке объектов интеллектуальной собственности" методикалык колдонмосу;
- "Передача прав на объекты интеллектуальной собственности" жыйнагы;
- Кыргызпатенттин 1998-жыл үчүн Жылдык отчету;

"Кыргызпатент жөнүндө жалпы маалымат" буклети (кыргыз, орус жана англис тилдеринде);

- "Кыргызстанда интеллектуалдык менчикти коргоо" брошюрасы (кыргыз жана орус тилдеринде);
- "Правовая охрана географических указаний" окуу-методикалык колдонмосу;
- Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоо жана каттоо боюнча документтер жыйнагы;
- "Правовая охрана товарных знаков в Кыргызстане" окуу-методикалык колдонмосу;
- "Методические рекомендации по экспертизе заявок на регистрацию верных знаков" методикалык колдонмосу;
- "Авторлордун мүлктүк укуктарын башкаруу" буклети, (кыргыз, орус, англис тилдеринде);

- Патенттерге, алдын ала патенттерге жана пайдалуу моделдерге яндамалар.

Кыргыз Республикасынын патенттик фондусун толуктоо багыты боюнча Кыргызпатент Мамлекеттик патенттик-техникалык китепкана үчүн маалыматтарды жаңы сактагычтарда алуу жана азыркы маалыматтык технологияларды уюштуруу боюнча зор иштерди жүргүзүүдө.

Маалыматтарды эл аралык алмашуу тармагында дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн патенттик ведомстволору менен маалымат алмашуу жөнүндө макулдашууларды түзүү боюнча иштер улантылып жатат.

КМШ өлкөлөрү менен СД-РОМдо бирдиктүү патенттик-маалыматтык продуктуну чыгаруу боюнча регионалдык программанын чегинде Кыргызпатент Координациялык кеңештин жана долбоордун атайын жумушчу тобунун курамында жигердүү иш жүргүзүп жатат. Бүгүнкү күндө ушул дисканы 2001-жылдын январынан тартып чыгара баштоо жөнүндө чечим кабыл алынган.

Патенттик маалымат боюнча жумушчу тобунун чегинде СД-РОМдо "Кыргыз спубликасынын патентгери" аттуу басылманы түзүү боюнча иш жүргүзүлүүдө.

## *6. Автоматташтырууну жана компьютерлештирүүнү өнүктүрүү*

Отчеттук мезгилдин ичинде автоматташтыруу жана компьютерлештирүү багытында негизги көңүл товардык белгилердин, өнөр жай үлгүлөрүнүн, ойлоп табуулар менен пайдалуу моделдердин, фирмалык аталыштардын маалымат базаларын башкаруунун (МББС) мурда түзүлгөн автоматташтырылган системасын өркүндөтүүгө, Кыргызпатентти техникалык камсыз кылууга бурулган.

1999-жылдын ичинде Кыргызпатенттин WEb-сайт бетин түзүү боюнча иш жүргүзүлдү, аны үчүн интеллектуалдык менчик боюнча улуттук патенттик ведомстволор менен эл аралык уюмдардын ушул беттери менен таанышуу жүргүзүлдү. Азыркы мезгилде маалыматтардын орус тилиндеги бөлүгүн толуктоо боюнча иштер бүткөрүлдү. Ошондой эле АзияИнфо фирмасы менен Кыргызпатенттин www.Kyrgyzpatent.Kg домен аталыштарын каттоо жана Кыргызпатенттин WEb-сайт беттерин АзияИнфо серверинде жайгаштыруу жөнүндө келишимге кол коюлду.

"2000-жылдын маселеси" мамлекеттик программасынын чегинде Кыргызпатенттин жана ага баш ийген уюмдардын 2000-жылга даярдыгы боюнча программалык жана аппараттык каражаттары боюнча тестирлөө өткөрүлдү.

Азыркы күндө маалымат базаларында, атап айтканда INTERNET аркылуу издөө жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

# *7. Кыргызпатентке караштуу уюмдардын ишмердиги*

## *7.1. Мамлекеттик патенттик-техникалык китепкана*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.01,1999-жылдагы № 48-токтому менен Кыргызпатенттин МПТКсы жөнүндө Жобо бекитилди.

Отчеттук мезгилдин ичинде МПТК мамлекеттик мекемелерди дифференциалдуу тейлөө багытында мезгилдүү жыйнактарды түздү. "Эркин экономикалык зоналар"; "Кыргыз Республикасынын табият чөйрөсүн коргоонун экологиялык аспектилери" аттуу эки ишти жарыкка чыгарды. "Кыргыз Республикасынын ойлоп табуучулары", "Copyright - Автордук укук" темалары боюнча комулятивдик библиографиялык жайнактары жарык көрдү. Мамлекеттик патенттик фондусунун системасын, өлкөбүздүн граждандарынын интеллектуалдык ишмердигиндеги анын ээлеген орду менен маанисин ачып көрсөткөн 3 тематикалык көргөзмө уюштурулду. 1999-жылдагы баардык басылмалардын комплекси боюнча Роспатенттин басылмаларына жазылуу жүргүзүлүп, 1997-1998- жылдар үчүн баалуу маалымдагычтар жана методикалык басылмалар менен, анын ичинде рефеpативдик "Дүйнө өлкөлөрүндөгү ойлоп табуулар" журналы менен толукталды. Жалпы алынган адабияттардын саны 1999-жылы 21902 нусканы түздү. Ошондой эле улуттук патенттик фондуну Кыргызпатенттин басылмалары: патенттик бюллетендер менен; патенттердин жана алдын ала патенттердин толук баяндамалары менен; интеллектуалдык менчик боюнча көрсөткүчтөр жана методикалык мүнөздөгү башка басылмалар менен толуктоо улантылды.

1999-жылы МПТКнын бөлүмдөрү 22606 окурманды тейлеп, аларга илимий-техникалык, патенттик адабияттар менен иш кагаздарынын 1002874 нускасын берди.

Мындан бөлөк, 50 өтүнмө боюнча патенттик издөө жүргүзүлүп, 70 тематикалык көргөзмө уюштурулду, 2819 документтин материалына тандоо жүргүзүлүп, 26411 консультация берилди.

## *7.2. Интеллектуалдык менчиктин Мамлекеттик фондусу*

Интеллектуалдык менчиктин Мамлекеттик фондусу 1999-жылы өз ишмердигин өзүнүн милдеттерине ылайык ишке ашырды, алардын негизгиси болуп ойлоп табуучуларга, авторлор менен интеллектуалдык менчиктин укук ээлерине усулдук, материалдык жана башка жардамдарды көрсөтүү болуп саналат.

Жаштардын техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүү программасынын чегинде Жаштардын чыгармачылыгы жана ишкердиги боюнча Реепубликалык борбору менен бирдикте окуучулар менен ийримдердин жетекчилеринин ойлоп табуучулук жана техникалык чыгармачылык тармагындагы мыкты иштерине Реепубликалык сынак өткөрүлгөн. Сынактыи максаты ойлоп табуучулардын, окуучулардын, ийрим жетекчилеринин интеллектуалдык күч-кубатын өнүктүрүү жана байытуу, балдар чыгармачылыгынын мыкты салттарын кайрадан жаратуу болгон. Сынакка республиканын баардык региондорунун өкүлдорү катышышкан.

Кесиптик-техникалык билим берүүнүн шаардык башкармалыгы менен бирдикте Кесиптик-техникалык окуу жайларынын окутуучулары менен техникалык чыгармачылык ийримдеринин жетекчилери үчүн алардын автордук жана чектеш укуктар тармагындагы билим деңгээлин жогорулатуу максатында "Автордук жана чектеш укуктар" темасында семинар өткөрдү.

Балдар менен жаштардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрөн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү үчүн "Жаш таланттар" сынагынын жеңүүчүлөрү үчүн эстелик приздерин сатып алууга "Мээрим" ЭКФсына жардам берилди.

Окуучулардын чыгармачылык шыгын онуктурууго комок корсотуу максатында Чуй областынын шыктуу балдар учун мекгеп-гимназиясынын **(|к)**льюющдук ансамблин уюштуруу учун улуттук музыкалык аспаптар сатып алынды.

Окуучулар менен студенттердин арасынан шыктуу таланттуу жаштарды аныктоо максатында билим берүү, илим жана маданият министрлигинин (БИММ) региондук структуралык бөлүмдөрү менен кызматташып, сынак өткөрүү, аны даярдоо боюнча уюштуруу иштери жүргүзүлүп жатат.

Илимий жана инженердик бирикмелердин кошуну менен бирдикте реепубликалык "Идеялардын жарманкеси" сынагы өткөрүлгөн. Сынакка эл чарбасынын баардык тармактары боюнча жеке адамдар менен юридикалык тараптардан 174 иш коюлган.

Илим менен техниканын өнүгүү багыттарын аныктоо үчүн Кыргызпатенттин расмий бюллетендеринде жарыяланган патенттик маалыматтарды талдоо жүргүзүлүп, анын негизинде "Патенттик маалыматгарды талдоо жыйынтыгы", "Патент ээлерин анкеттөөнүн жыйынтыгы" отчеттору түзүлгөн. Чарба ишмердиги, интеллектуалдык продуктулардын түрлөрү, ушул багыттагы продукцияларды иштеп чыгуу, өндүрүү, сатуу иштерин жүргүзгөн патент ээлери боюнча маалыматтар банкы түзүлгөн.

Улуттук статкомитеттин статистикалык отчеттору алардын атайын басма маалыматтары боюнча талданып чыкты, алар:

• "Кыргыз Республикасынын сырткы соодасы" (1998-жылдын 1-жарым жылдыгы);

• "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы" (1998-жыл, январь);

• "Кеңири керектелүүчү товарларды өндүрүү" (1998-жыл, январь-декабрь);

• "Өнөр жайы боюнча негизги экономикалык көрсөткүчтөр" (1998-жыл, январь-декабрь).

"ИМдин Мамлекеттик фондусунун ата мекендик патент ээлерине өнөр жай ; менчик объектилерине карата өздөрүнүн өзгөчө укуктарын пайдаланууга көмөк көрсөтүү шарттарын талдоо" отчету түзүлдү.

Фармацевтика, тамак-аш өнөр жайы, курулуш материалдарын өндүрүү тармагындагы ойлоп табууларды өздөштүрүү жана коммерциялык сатуу иштерине көмөк көрсөтүү үчүн төмөндөгү ишканалар: "Айдан-Фарм", "Антибиотик", "Бишкек-Биофарм", "Кондитердик фабрика" АКсы, КТИнин "Агромаш" АКсы, "Бишкек курулуш материал" АКсы, "Мамархкурулуш инспекция" тартылган.

"Шам", "Акыл" басмалары, "Эркин-Тоо" АКсы, "Учкун" МКсы, Кыргызполиграфкомбинат жана башкалар менен автордук укуктун мөөнөтү бүткөндөн кийин коомдук мураска айланган чыгармаларды аныктоо боюнча иштер жүргүзүлдү.

## *7.3. Патенттик-маалымат кызматынын ТАБЫЛГА " инновациялык борбору*

Отчеттук мезгилдин ичинде "Табылга" инновациялык борбору:

• коргоо документтерин алуу боюнча өтүнмөлөрдүн документтерин түзүү маселелери боюнча 232 консультация өткөрдү;

• интеллектуалдык менчиктин 26 объектисине өтүнмөлөрдүн документтерин бүтүрдү;

• 22 тема боюнча патенттик изилдөө жүргүздү;

• патент ээлеринин өтүнмөлөрү боюнча 4 маркетингдик изилдөө жүргүздү, ошондой эле интеллектуалдык менчиктин 1 объектисинин наркын аныктады.

## *7.4. Жогорку окуу жайлар аралык "Интеллектуалдык менчик" кафедрасы*

ЖОЖдор аралык "Интеллектуалдык менчик" кафедрасы Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлигинин (КР БИММ) 1998- жылы 4-ноябрда берген № 815-8 лицензиясына ылайык жогорку билимдин төмөндөгү дисциплиналары боюнча билим берүү ишмердигин жүргүзүү үчүн түзүлгөн, алар:

• Интеллектуалдык менчик укугу;

• Патент боюнча укуктар;

• Патент таануу;

• Автордук укук жана чек теш укуктар;

• Жогоруда аталган дисциплиналар боюнча адистигин жогорулатуу жана кабыл алынган үлгүдөгү сертификат берүү боюнча кыска мөөнөттүү (1 айга чейинки) курстар.

Кафедра Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлигинин интеллектуалдык менчик боюнча кошумча билим берүү чөйрөсүндө билим берүү ишмердигин жүргүзүү укугун берген АШ № 053 лицензиясын алган.

КР БИММдин 1998-жылдын 2-декабрындагы № 699/1-буйругуна ылайык Кыргыз Республикасынын 20дан ашык ЖОЖдорунун окуу пландарына "Интеллектуалдык менчик" курсу киргизилди.

Кафедра окуткан студенттердин саны 2500дөн ашуун.

Кафера иштеп жаткан учурдан бери төмөндө аталгандар:

• ЖОЖдор аралык "Интеллектуалдык менчик" кафедрасы жөнүндө Жобо (БИММ бекиткен);

• Жогоруда аталган дисциплиналар боюнча иш программалары (кафедранын кеңешмесинде бекитилген);

• Беш дисциплина боюнча адистигин жогорулатуу боюнча иш программалары (кафедранын кеңешмесинде бекитилген) иштелип чыкты.

Ошондой эле кафедранын кызматчылары тарабынан патенттик-маалыматтык ишмердик боюнча бөлүктө көрсөтүлгөн окуу-методикалык колдонмо иштелип чыкты.

ЖОЖдор аралык "Интеллектуалдык менчик" кафедрасында 17 кызматкер иштейт, алар аткарган окутуучулук иштин көлөмү ар бирине 0.25 ставкадан туура келет жана 1 кызматкер толук ставка менен иштейт.

## *8. Эл аралык кызматташуу жана кадрларды даярдоо*

Кыргызпатент 1999-жылы эл аралык кызматташуусун мурда түзүлгөн мамлекеттер аралык жана Ведомстволор аралык макулдашуулардын чегинде улантты.

1999-жылы Ведомстволор аралык макулдашууларга кол коюлду, алар: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентетвосу (Кыргызпатент) менен Фонограмма чыгаруучулардын Эл аралык федерациясынын өкүлчүлүгүнүн ортосунда интеллектуалдык менчикти коргоо чөйрөсүндө кызматташуусу боюнча Макулдашуу; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентетвосу (Кыргызпатент) менен Тажикстан Республикасынын Маданият министрлигинин Автордук жана чектеш укуктар боюнча агентствосунун ортосундагы Макулдашуу.

Кыргыз Республикасы өткөн жылы ИМБДУнун Эл аралык келишими- Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн Конвенциясына кошулду.

Кыргызпатенттин директору Кыргыз Республикасынын Бүткүл дүйнөлүк Соода Уюмуна киргендигин жарыялоого байланыштуу уюштурулган тегерек столдун кеңешмесине катышты.

*ИМБДУ менен кызматташуу*

• Автордук укук жана чектеш укуктар боюнча Борбордук Азия регионунун өлкөлөрү үчүн ИМБДУнун семинары өткөрүлүп, анда автордук укук менен чектеш укуктардын системасынын Кыргызстанда жана Борбордук Азия регионунун башка өлкөлөрүндө калыптануу маселелери, ошондой эле жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен эл аралык кызматташуу маселелери талкууланды.

• ИМБДУнун авторлордун укуктарын жамааттык башкаруу маселелери боюнча эксперти мырза Пол Берри менен автордук укук маселелери боюнча эксперт Сауле Тлеулесова айым Кыргызпатентте иш визити менен бөлүштү, жолугушуу учурунда авторлорду каттоонун жана автордук сый акыны бөлүштүрүүнүн автоматташтырылган системасын түзүү тармагында техникалык көмөк көрсөтүүгө тиешелуу маселелер талкууланып, ошондой эле авторлордун укуктарын жамааттык. башкарууга жана ушул тармактагы дүйнөлүк тажрыйбага байланыштуу конструктивдүү ой бөлүшүүлөр болду.

Кыргызпатенттин кызматчылары төмөндө аталгандардын иштерине катышышты:

• ИМБДУнун Роспатент менен кызматташып өткөргөн "Интеллектуалдык менчик укуктарын окутуу" региондук семинарынын ишине;

• ИМБДУнун Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн автордук укук боюнча ИМБДУнун келишимине (WCT) жана Аткаруулар жана фонограммалара боюнча Келишимине (WPPT) тиешелүү региондук семинарынын ишине;

• ИМБДУнун "Биотехникалык ойлоп табууларды коргоо жана патенттик жол-жоболордун максаттары үчүн микроорганизмдерди сактоого тапшырууну эл аралык таануу жөнүндө Будапешт келишими" аттуу региондук семинарынын ишине;

• ИМБДУнун "Уктуруучу уюмдарды жана маалымат базаларын коргоо" деп аталган региондук тегерек столуна катышышты.

*Европалык патенттик ведомство (ЕПВ) менен кызматташуу*

1999-жылы ЕПВнын Эл аралык техникалык кызматташуу бөлүгүнүн директору мырза Ричард Юнг Кыргызпатентте иш визити менен болду. Жолугушуулардын учурунда ЕПВнын техникалык көмөк көрсөтүү жана патенттик маалымат алмашуу маселелери талкууланды.

Кыргызпатенттин кызматчылары:

• "Компьютердик техникага тиешелүү ойлоп табууларды экспертизалоо";

• "Web-беттерин кантип орнотуу керек" деп аталган ЕПВнын семинарларынын ишине катышышты.

*Евразиянын патенттик ведомствосу (ЕАПВ) менен кызматташуу*

1999-жылы Чолпон-Ата шаарында (Кыргызстан) Евразиянын Патенттик уюмунун Административдик Кеңешинин (ЕАПУ АК) сегизинчи кеңешмеси өткөрүлдү.

ЕАПУ АКнын кеңешмесинде ЕАПКнын чегинде андан ары кызматташуунун маселелери, ЕПВнын техникалык көмөгү астында улуттук патенттик ведомстволордун web-беттерин тузуу маселелери талкууланды.

*Кадрларды даярдоо*

Кыргызпатент өзүнүн адистеринин адистигин жогорулатууга зор көңүл бурат, бул иш алдыңкы өлкөлөрдүн эл аралык уюмдары менен патенттик ведомстволору уюштуруучу кыска мөөнөттүү курстарда жана семинарларда жана Интеллектуалдык менчиктин Россия институтунда (РИИС) окутуу жолдору менен жүргүзүлөт. Аталган институтту бүгүнкү күнү он бир кызматкер бүтүрүп чыгышты жана бешөө билим алуусун улантууда.




Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентствосу (Кыргызпатент) менен Тажикстан Республикасынын Маданият министрлигинин автордук жана чектеш укуктар боюнча Агентствосунун ортосундагы автордук укук жана чектеш укуктар боюнча Макулдашууга кол коюу.
Август, Бишкек

Подписание Соглашения между Государственным агентством интеллектуальной собственности при Правительстве Кыргызской Республики (Кыргызпатент) и Агентством по авторскому и смежным правам Министерства культуры Республики Таджикистан по авторскому праву и смежным правам.
Август, Бишкек




ИМБДУнун автордук укук жана чектеш укуктар боюнча Борбордук Азия регионунун өлкөлөрү үчүн семинарында.
Август, Бишкек

На семинаре ВОИС для стран Центрально-Азиатского региона по авторскому праву и смежным правам.
Август, Бишкек



Автордук укук тармагындагы белгилуу адис М.Фичор ИМБДУнун автордук укук жана чектеш укуктар боюнча Борбордук Азия регионунун өлкөлөрү үчүн семинарынын кеңешмелеринин ортосундагы танаписте журналистер менен жолугушту.
Август, Бишкек

Известный специалист по авторским правам М.Фичор с журналистами на перерыве между заседаниями семинара ВОИС для стран Центрально-Азиатского региона по авторскому праву и смежным правам.
Август, Бишкек



ЕАПУга мүчө -өлкөлөрдүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү Евразия патенттик уюмунун Административдик Кеңешинин (ЕАПУ АК) сегизинчи кеңешмеси өтүп жаткан учурда.
Ноябрь, Чолпон-Ата

Полномочные представители стран-членов ЕАПО во время восьмого заседания Административного Совета Евразийской
Патентной Организации (АС ЕАПО).
Ноябрь, Чолпон-Ата



Евразия патенттик уюмунун Административдик Кеңешинин
(ЕАПУ АК) сегизинчи кеңешмесинин катышуучулары.
Ноябрь, Чолпон-Ата

Участники восьмого заседания Административного Совета
Евразийской Патентной Организации (АС ЕАПО).
Ноябрь, Чолпон-Ата



Кыргызпатент менен ЮСАИДдин өкүлдөрү "Интеллектуалдык менчик укугу жана аны ишке ашыруу: автордук укук тармагында каракчылыкка жана товар белгилеринин жасалмаларына каршы күрөшүү" аттуу семинарынын жыйынтыгын чьгарышты.
Август, Бишкек

Представители Кыргызиатента и ЮСАИД совместно подвели итоги семинара "Право интеллектуальной собственности и их осуществление: борьба с пиратством в области авторского права и подделками товарных знаков".
Август, Бишкек




БСУнун Министрлер үчүн 3-конференциясынын
кеңешмелеринин ортосундагы танапис учурунда.
Ноябрь-декабрь, Сиэтл, АКШ

В перерыве заседаний 3-й Министерской конференции ВТО.
Ноябрь-декабрь, Сиэтл, США



АКШнын Патентгик ведомствосунда.
Декабрь, Вашингтон

В Патентном ведомстве США.
Декабрь, Вашингтон

## *Предисловие*



В минувшем 1999 году система охраны интеллектуальной собственности Кыргызской Республики продолжала развиваться.
Приняты новые законы: "О служебных изобретениях, полезных моделях и промышленных образцах", "О фирменных наименованиях", разработан проект закона "О патентных поверенных". Разработаны и введены в действие подзаконные нормативно-правовые акты.
В соответствии с законом "Об авторском праве и смежных правах" проведены структурные изменения в Государственном агентстве интеллектуальной собственности при Правительстве Кыргызской Республики (Кыргызпатенте) - образованы два новых управления: управление имущественными правами авторов и правообладателей; управление регистраций, а управление по охране авторского и смежных прав упразднено.

